ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

УДК:378.147 DOI:10.35803/1694-5298.2022.1.234-239

**БЕГАЛИЕВА Г.Т., ШЕРБЕКОВА А.А.**
[1]Н. Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университети (КМКТАУ), Бишкек, Кыргыз Республикасы
[1]КГУСТА им. Н. Исанова, Бишкек, Кыргызская Республика

**BEGALIEVA G.T., SHERBEKOVA A.A.**
[1]KSUCTA n. a. N. Isanov, Bishkek, Kyrgyz Republic
bgulzat@mail.ru, sherbekova51@mail.ru

## «БУХГАЛТЕРДИК ЭСЕП-КЫСАП ЖАНА АУДИТ» КАФЕДРАСЫНЫН САБАКТАРЫН МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДЕ ОКУТУУ ЖАНА ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨ ЖҮРГҮЗҮҮ АБАЛЫ

## СОСТОЯНИЕ ОБУЧЕНИЯ ДИСЦИПЛИН И ПРОВЕДЕНИЯ НАУЧНЫХ ИССЛЕДОВАНИЙ КАФЕДРЫ «БУХГАЛТЕРСКИЙ УЧЕТ И АУДИТ» НА ГОСУДАРСТВЕННОМ ЯЗЫКЕ

## STATE OF PREPARATION OF DISCIPLINES AND CONDUCTING SCIENTIFIC RESEARCH OF THE DEPARTMENT «ACCOUNTANT AND AUDIT» IN THE STATE LANGUAGE

*Макалада «Бухгалтердик эсеп, талдоо жана аудит» профилин экономика багыты боюнча студенттерди кесиптик даярдоодо мамлекеттик тилдин ролу, милдеттери жана анын саясаты каралды жана Кыргыз Республикасынын кесиптик билим берүү программаларынын мамлекеттик тилде окуу методикалык көрсөтмөлөр менен канчалык деңгээлде камсыздалганы жөнүндө баяндалды. Экономика, каржы жана аудит чөйрөсүндө илимий изилдөөлөрдүн мамлекеттик тилинде маалыматтык колдоо көрсөтүүдө стейкхолдерлердин (кызыктар тараптардын (студенттер менен мугалимдер)) суроо талаптарына көңүл бурулат. Көрсөтүлгөн багыттар боюнча кесиптик сабактарды өздөштүрүүдө жана илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүдө терминдердин кесиптик көз караштa которулушунда көйгөйлөр жаралууда, Профессионалдык тил саясатын иштеп чыгууда жетишкен жыйынтыктарды жалпылоо жана аны андан ары өркүндөтүүнүн векторлорун аныктоо аракети көрсөтүлдү.*

***Өзөк сөздөр:*** *тил, мамлекеттик тил саясаты, терминдер, сөздүк, экономика багыты, окуу-усулдук көрсөтмөлөр, профил, билим берүү программа, стейкхолдерлер, илимий изилдөө, студент, окутуучу.*

*В статье рассматривается роль, цели и политика государственного языка в профессиональной подготовке студентов по направлению «Бухгалтерский учет, анализ и аудит» в сфере экономики, а также описывается степень, в которой программы профессионального образования в Кыргызской Республике являются актуальными. Представлены методические указания по преподаванию на государственном языке в сфере экономики, финансов и аудита, уделяется внимание стейкхолдерам при оказании информационной поддержки на государственном языке исследования. Существуют проблемы с профессиональным переводом терминов в развитии профессиональных дисциплин и исследований в этих областях, вектор обобщения достигнутых результатов в развитии профессиональной языковой политики и ее дальнейшего совершенствования.*

***Ключевые слова:*** *язык, государственная языковая политика, термины, словарь, экономика, учебные пособия, профиль, образовательная программа, заинтересованное лицо, исследование, студент, преподаватель.*

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

*The article discusses the role, objectives and policy of the state language in the professional training of students in the field of "Accounting, Analysis and Auditing" in the field of economics, and describes the extent to which vocational education programs in the Kyrgyz Republic are provided with teaching guidelines in the state language. In the field of economics, finance and auditing, attention is paid to the requests of stakeholders (stakeholders (students and teachers)) in the provision of information support in the state language of research. There are problems with the professional translation of terms in the development of professional disciplines and research in these areas, the vector of generalization of the results achieved in the development of professional language policy and its further improvement.*

***Key word:*** *language, state language policy, terms, dictionary, economics, teaching aids, profile, educational program, stakeholder, research, student, teacher.*

***Киришүү***. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2018-жылдын 31-октябрындагы № 221 «Кыргыз Республикасында мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгы менен тил саясатын өнүктүрүүнүн биринчи кезектеги чаралары жана артыкчылыктары аныкталган. Ошону менен катар эле, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2018-жылдын 31-октябрындагы № 221 Жарлыгы менен бекитилген 2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында да тил саясатына өзүнчө көңүл бурулган. Аталган Стратегияда келечекте атаандаштыкка жөндөмдүүлүктүн негизги фактору катары Кыргыз Республикасынын жарандарынын бир нече тилди билүүсүнө шарт түзүлүп, кыргыз тилин мамлекеттик тил катары колдонуу чөйрөсү кеңейип, мезгил талабына жана коомдук муктаждыкка ылайык мамлекеттик тилди өркүндөтүү иши жолго коюлары көрсөтүлгөн.

Бул саясаттын алкагында Н.Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттики курулуш, транспорт жана архитектура университети эксперттердин сунуштарын жана кызыкдар тараптардын (студенттер менен мугалимдердин) суроо - талаптарын эске алуу менен кырдаалды талдоонун негизинде тил саясатын өркүндөтүүнүн үстүндө иштеп жатат.

Мамлекеттик тилдин иштеши жана аны өнүктүрүүнүн актуалдуу көйгөйлөрүн чечиш үчүн Н.Исанов атындагы КМКТАУда төмөнкү нормативдик жана уюштуруучулук негиздер каралган:

- Мамлекеттик билим берүү стандарттары;
- Н.Исанов атындагы КМКТАУнун Окумуштуулар кеңешинин токтомдору;
- Иштеп жаткан мамлекеттик КМКТАУнун тил борбору.

Мамлекеттик тилди өнүктүрүү программасында айтылган максаттар жана милдеттер КМКТАУнун Окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилген иш -чаралар планы аркылуу ишке ашат.

Изилдөөнүн максаты: экономика багытындагы «Бухгалтердик эсеп-кысап жана аудит» профилинин жогорку кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү тил саясатынын абалы жана аны ишке ашыруу чараларын изилдөө.

**Материалдар жана изилдөө методу:** Белгиленген изилдөө максатын ишке ашыруу бакалаврлардын, магистранттардын жана аспиранттардын мамлекеттик тилде окуу процесстерин маалымат жана илимий булактар менен камсыз кылуу маселелерин чечүүгө негизделген. Изилдөөнүн жүрүшүндө логикалык, маалыматтык, системдик талдоо жана анкета ыкмалары колдонулган. Изилдөө материалдары катары «Бухгалтердик эсеп-кысап жана аудит» кафедрасынын билим берүү программаларында мамлекеттик тил каражаттарын колдонуу боюнча байкоолор жана студенттер менен окутуучулар арасында өткөрүлгөн сурамжылоо-анкетасы болду.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

**Изилдөө натыйжалары:** Сурамжылоо GOOGLE форма аркылуу он-лайн өткөрүлдү. Респонденттердин негизги аудиториясы «Бухгалтердик эсеп-кысап жана аудит» кафедрасынын студенттери жана окутуучулары болду.

Сурамжылоонун жыйынтыгында төмөнкү жоопторду ала алдык:

- Студенттер сабактан тышкары бухгалтердик эсеп, каржы, талдоо сабактары боюнча кошумча кеңештерди кыргыз тилинде алууга муктаждыгы барбы деген суроого - 70,6% «Ооба» деп жооп берди;
- Профилди өздөштүрүүдө кандай кошумча маалымат булактарын мамлекеттик тилинде колдоносуздар деген суроого көбүнесе Мыйзамдар жана Жоболорду колдоноорун белгилешти;
- Студенттин өз алдынча ишин жана башка окутуучу берген тапшырмаларды аткарууда кыргыз тилин колдоносузбу деген суроого - 58% колдоноорун айтышты;
- Мамлекеттик тилде экономикалык процесстерди изилдөөдө көбү мамлекеттик сайттарды колдоноорун айтышты;
- Которулган терминологиялык сөздүктөр канчалык денгээлде жетиштүү жана түшүнүктү деген суроого - 45% толук деңгээлде эместигин белгилешти;
- КМКТАУда окуп жатканда мамлекеттик тилге байланыштуу кандай кыйынчылыктарга же көйгөлөргө чалдыктыңыз деген суроого орус тилин билбеген көйгөй, Кыргыз тилинде окуу материалдардын жетишсиздиги жана эч кандай кыйынчалыктарга чалдыккан жокмун деген жооптор алынды;
- Кесипкөй мамлекеттик тили ишке орношууда жардам береби деген суроого, сурамжылоого катышкандардын - 88% «Ооба» деп жооп кайтарды;

Сурамжылоо соңунда пикир берүүчүлөрдөн төмөнкү сунуштар түштү:

- «Сабактар мамлекеттик тилде өтүлсүн»;
- «Окутуучулар Кыргыз тилинде көбүрөөк сүйлөшсүн»;
- «Кыргыз жана Орус топторго бөлүп сабактар өтүлсүн»;
- «Терминологиялык сөздүктөр, окуу китептери жана усулдук көрсөтмөлөр мамлекеттик тилинде көбүрөөк болсун»;
- «Практикалык сабактар мамлекеттик тилде өтүлсүн».

Мамлекеттик тилде жарыяланган «БЭКА» профили үчүн усулдук көрсөтмөлөр, окуу куралдар, китептер, ченемдик укуктук актылар жана илимий маалымат булактарынын абалын талдап төмөнкү жыйынтыктарга келдик. (1-Таблицада крсөтүлдү)

Кафедра боюнча 4 усулдук көрсөтмө, 1 **терминологиялык сөздүк,** 6 окуу-методикалык комплекси жарыкка чыккандыгы маалым болду. Мындан тышкары интернет булактарынан алган маалымат боюнча азыркы учурда жарыяланган биздин профилге тиешелүү Бухгалтердик эсеп-кысап **жөнүндө жазылган** болгону 4 окуу китеби бар экен. Албетте, бул абдан аздык кылат, ошондуктан окуу куралдарын көбөйтүү зарылдыгы учурдун талабы деп айтыш керек.

Окуу китептерди, усуулдук көрсөтмөлөрдү жазууда кесиптик терминологиялык сөздүктөрдүн жетишсиздиги, чечмелөө айырмачылыктары көйгөйлөрдү жаратууда.

Илимий макалалар жана бүтүрүүчү квалификациялык иштер мамлекеттик тилде акыркы учурларда көбүрөөк чыгып жаткандыгы маалым болду. «БЭКА» кафедрасы боюнча акыркы 3 жылда (2018-2020-жж.) кыргыз тилинде 10дон ашык илимий макала жарыяланып, 3 бүтүрүүчү квалификациялык иши жакталды.

Мамлекеттик тилде Бухгалтердик эсепке байланыштуу Мыйзамдар жана Жоболор которулуп, окуу процессинде кеңири колдонулуп жаткандыгын да баса белгилей кетишибиз керек.

Таблица 1.- «БЭКА» профили үчүн мамлекеттик тилде жарыяланган усулдук көрсөтмөлөр, окуу куралдар, ченемдик укуктук актылар жана илимий маалымат булактарынын абалын талдоо

| № | Окуу куралдын | Кимдер үчүн | Чыккан | Кыскача мүнөздөмөсү |
|---|---|---|---|---|

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

| | аталышы, автору | | басмаканасы, жылы | |
|---|---|---|---|---|
| 1 | **Бухгалтердик эсеп жөнүндө Кыргыз Республикасынын *МЫЙЗАМЫ*** | | (КР мыйзамдарына ылайык 2002 – жылдын 29 - апрели №76) | Мыйзам КРда бухгалтердик эсепти уюштуруунун жүргүзгөн укуктук жана усулдук негиздеринин белгилейт, бухгалтердик эсепти уюштурууну, жургузууну жана финансылык отчетуулукту тузууну жана берүүнү жүзөөгө ашыруучу жактардын укуктары менен милдеттерин аныктайт. |
| 2 | **Аудитордук иш жөнүндө Кыргыз Республикасынын *МЫЙЗАМЫ*** | | (КР мыйзамдарына ылайык 2002-жылдын 30 -июлу № 134) | Мыйзам Кыргыз Республикасында аудитордук ишти жүзөгө ашырууда пайда болуучу мамилелерди жөнгө салат. |
| 3 | **Бюджеттик мекемелерде бухгалтердик эсепти уюштуруу боюнча *ЖОБО*** | **Бюджеттик мекемелерде иштеген бухгалтерлер** үчүн | (КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 3-ноябрындагы N 624 токтомунун редакциясына ылайык) | Жобо мамлекеттик башкаруу секторундага бухгалтердик эсепти жүргүзүү боюнча бюджеттик мекемелер үчүн бухгалтердик отчеттуулукту түзүү жана бухгалтердик эсепти жүргүзүүгө бирдиктүү тартипти белгилейт. |
| 4 | Чалова К. Бухгалтердик эсеп: Окуу куралы. *Чалова К* | Мугалимдер Студенттер Бухгалтерлер Экономисттер Бухгалтердик курстун угуучулары үчүн | Бишкек «ШАМ» БАСМАСЫ-1996ж..— 456 б. | Бул китепте бухгалтердик эсептин теориялык негизи, аны жүргүзүүнүн техникасы жана үлгүлөрү чагылдырылып, бухгалтердик баланстын жана отчеттуулуктун өзгөчүлүгү, мамлекеттик эмес түзүлүштөгү менчиктин ар кандай түрлөрүнө аудиттик текшерүүлөрдүн ыкмалары да кеңири көрсөтүлгөн. |
| 5 | Бухгалтерия сырлары маалымдуу үйрөнүү окуу куралы *Чалова К., Биримкулова К.* | Мугалимдер Студенттер Бухгалтерлер Экономисттер Бухгалтердик курстун угуучулары үчүн | Бишкек «Шам» басмасы -1997ж. 300 б. | Китепте бухгалтердик эсептин турмуштук бухгалтериясы, бухгалтердик эсептин теориялык негизи, чакан ишканада бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү ыкмалары жазылган. Китепте белгиленген материалдар мектеп ПТО, техникум окуучуларына жана бухгалтерияны өз алдынча үйрөнүүчү жалпы атуулдарга арналган. |
| 6 | Бухгалтердик каржылык эсеп окуу китеби *Б.Ш. Жанузаков* | Экономикалык адистиктерди даярдап жаткан окуу жайлардын окутуучулары | Жалал-Абад, 2017ж., - 224 б | Басмада каржылык эсептин мааниси жана мазмуну, предмети жана ыкмасы, аны уюштуруунун негиздери жана теориялык практикалык материалдарынын |

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | илимпоздор, студенттер, бухгалтердик курстардын угуучулары үчүн | | бышыктоочу суро... ошондой эле бухгалтердик эсептин пайда болу тарыхы, анын басып өткөн жолу жана учурдагы абалы, бухгалтердик эсеп тутумунда колдонуучу сөздүк камтылган. |
| 7 | Бухгалтердик финансылык эсеп окуу китеби *Абдиев М.Ж., Момунов У.Н.* | Экономикалык адистиктерди даярдап жаткан окуу жайлардын окутуучулары жана студенттери, практик-бухгалтерлер, аудиторлор, финансисттер үчүн | Бишкек.: 2019ж. – 488 б. | Окуу китебинде Финансылык отчеттулуктун эл аралык стандарттарына (ФОЭС) ылайык коммерциялык түзүмдөгү субъекттерде бухгалтердик финансылык эсепти уюштуруунун жана жүргүзүүнүн, финансылык отчеттуулукту түзүүнүн теориялык, методологиялык жана практикалык аспекттери каралган. |
| 8 | **Бухгалтердик эсеп-кысаптын негиздери жана принциптери Усулдук көрсөтмө *Асанова Г. Ш., Бегалиева Г.Т., Молдокматов У.Н.*** | **«БЭКА» жана «ФН» адистигинин студенттери үчүн** | КМКТАУнун ЖМТ «Авангард» ОББ 2010-ж. -68б. | **Усулдук көрсөтмөдө Практикалык тапшырмаларды аткаруу үчүн Бухгалтердик эсеп-кысаптын негиздери жана принциптери сабагынан 36 практикалык сабагы каралган** |
| 9 | **Курулуш мекемелеринин финансысын талдоо Усулдук көрсөтмө *Шербекова А.А., Абдылдаева У.М.*** | **«ФН» адистигинин студенттери үчүн** | КМКТАУнун ЖМТ «Авангард» ОББ 2014-ж. -44б. | **Усулдук көрсөтмөдө «Курулуш мекемелеринин финансысын талдоо» сабагынан курстук иштин тапшырмаларын жана аны аткаруудагы усулдук көрсөтмөлөр берилген** |
| 10 | **Финансылык талдоо Усулдук көрсөтмө Абдылдаева У.М., Рыспаева А.С.** | **«БЭКА» профилинин студенттери үчүн** | КМКТАУнун ЖМТ «Авангард» ОББ 2014-ж. -48б. | **Усулдук көрсөтмөдө «Финансылык талдоо» сабагынан курстук иштин тапшырмаларын жана аны аткаруудагы усулдук көрсөтмөлөр берилген** |
| 11 | **Бухгалтердик эсеп-кысап боюнча орусча-кыргызча терминологиялык сөздүк *Асанова Г. Ш., Молдокматов У.Н.*** | Экономикалык адистиктерди даярдап жаткан окутуучулар, студенттер, бухгалтерлер үчүн | КМКТАУнун ЖМТ «Авангард» ОББ 2017-ж. -60б. | **Сөздүктө Бухгалтердик эсеп-кысап боюнча негизги терминдер камтылган, алардын кыскача түшүнүгү жана мааниси берилген.** |
| 12 | **«Бухгалтердик эсеп-кысап» Усулдук көрсөтмө *Бегалиева Г.Т., Асанова Г. Ш.*** | **«БЭКА» профилинин студенттери үчүн** | КМКТАУнун ЖМТ «Авангард» ОББ 2018-ж. -48б. | **Усулдук көрсөтмөдө «Бухгалтердик эсеп-кысап» сабагынан курстук иштин тапшырмаларын жана аны аткаруудагы усулдук** |

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | **көрсөтмөлөр берилген** |

***Корутунду.*** Өткөрүлгөн изилдөөнүн негизинде төмөнкү жыйынтыктарга келдик:

- Кесиптик окутуунун тил саясатын кеңейтүү жана мамлекеттик тилде кесиптик жогорку билим алууга жарандарга олуттуу көңүл бөлүү керек;
- Кыргыз тили илимий стилин жаратыш үчүн студенттерге мамлекеттик тилде изилдөө жүргүзүүгө түрткү берип жана аны профессионалдык тармактарда активдүү колдонуу керек;
- Илимий терминдерди жана түшүнүктөрдү белгиленген тартипте мамлекеттик тилде колдонууну жөнгө салуу боюнча иштерди күчөтүү;
- Жогорку окуу жайлардын электрондук китепканасында жана Кыргыз Республикасынын улуттук китепканасында, ачык жеткиликтүү интернет порталдарында мамлекеттик тилдеги илимий адабияттардын фондун түзүү зарыл;
- Мамлекеттик тилди активдештирүү жана өнүктүрүү максатында, мамлекеттик тилдеги глоссарийлерди курстук иштерде, бүтүрүү квалификациялык иштерде, кандидаттык жана магистердик диссертацияларда колдонуу тартибин киргизүү;
- Филологиялык эмес кесиптик мамлекеттик тил боюнча кошумча атайын курстарды окутуучуларга өтүү.

## Адабияттар тизмеси


1. Кыргыз Республикасынын укук ченемдик актылары.
2. Чалова К. Бухгалтердик эсеп [Текст]: Окуу куралы / К.Чалова. - Б.: Шам басмасы, 1996. – 456 б.
3. Чалова К. Бухгалтерия сырлар [Текст]: маалымдуу үйрөнүү окуу куралы / К.Чалова, К.Биримкулова. - Б.: Шам басмасы, 1997. - 300 б.
4. Жанузаков Б.Ш. Бухгалтердик каржылык эсеп [Текст]: Окуу китеби / Б.Ш.Жанузаков.- Жалал-Абад: 2017. - 224 б.
5. Абдиев М.Ж. Бухгалтердик финансылык эсеп [Текст]: окуу китеби / М.Ж.Абдиев, У.Н.Момунов. - Бишкек: 2019. – 488 б.
6. **Асанова Г. Ш. Бухгалтердик эсеп-кысаптын негиздери жана принциптери** [Текст]: **Усулдук көрсөтмө** / Г.Ш.**Асанова, Г.Т. Бегалиева, У.Н. Молдокматов. – Бишкек:** Авангард басмасы, 2010. – 68 б.
7. **Бегалиева Г.Т. Бухгалтердик эсеп-кысап** [Текст]: **Усулдук көрсөтмө / Г.Т.Бегалиева, Г.Ш.Асанова. – Бишкек: Авангард басмасы,** 2018. – 48 б.
8. **Шербекова А.А. Курулуш мекемелеринин финансысын талдоо** [Текст]: **Усулдук көрсөтмө / А.А.Шербекова, У.М.Абдылдаева. - Бишкек: Авангард басмасы,** 2014. – 44 б.
9. **Абдылдаева У.М. Финансылык талдоо** [Текст]: **Усулдук көрсөтмө** / У.М.**Абдылдаева, А.С. Рыспаева. – Бишкек:** Авангард басмасы, 2014. – 48 б.
10. **Асанова Г. Ш. Бухгалтердик эсеп-кысап боюнча орусча-кыргызча терминологиялык сөздүк** [Текст] / Г.Ш.Асанова, У.Н.Молдокматов. – Бишкек: Авангард басмасы, 2017. – 60 б.
11. Бексултанов А.А. Мамлекеттик мекемелердеги каржылык, экономикалык, чарбалык эсебин талдоосу [Электронный ресурс] / А.А.Бексултанов, Т.А.Тагаев // Вестник КГУСТА. – Бишкек: 2020. - №1(67). – стр.175-180. Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=44336316